DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2020

*Сулайманова Р.Т.*

# ПЕДАГОГИКАЛЫК КЕСИП ТҮШҮНҮГҮНҮН АЗЫРКЫ КООМДОГУ МҮНӨЗҮ

*Сулайманова Р.Т.*

# ХАРАКТЕР ПОНЯТИЯ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ПРОФЕССИИ В СОВРЕМЕННОМ ОБЩЕСТВЕ

*R.T. Sulaimanova*

# THE NATURE OF THE CONCEPT OF THE TEACHING PROFESSION IN MODERN SOCIETY

*УДК: 378.2(575.2)(04)*

*Учурдагы маалыматтык жана коммуникациялык модернизацияга байланыштуу жүрүп жаткан өзгөрүүлөрдүн натыйжасында, кесип, кесипкөйлүк жана адамдын өнүккөн коомдогу кесиптик ишмердүүлүгү сыяктуу түшүнүктөр маанилик жактан өзгөрүүгө дуушар болууда. Ушундан улам педагогикалык кесиптин баалуулук-мазмундук аспектисине көңүл буруу менен заманбап педагогдордун моралдык багыттары, этикалык нормалары, баалуулуктары тууралуу маселе келип чыгат. Аталган макалда замандын талабына ылайык кесиптик топтордун мүнөзүн же этосун изилдөө маселеси каралды. Ушуга ылайык педагогикалык кесиптин этосу, моралы, баалуулуктары, нормалары, иденттүүлүгү, статусу түшүнүктөрүн иликтөө максаты коюлду жана аталган түшүнүктөрдүн маңызын ачып берүү аракеттери жасалды. Изилдөөнүн натыйжасында теориялык изилдөөлөрдүн негизинде илимий тыянактар чыгарылып жана ЖОЖдун окутуучулары, студенттери, мектеп мугалимдеринен түзүлгөн фокус-группалардагы тажрыйбалык иштердин жыйынтыктары көрсөтүлдү.*

***Негизги сөздөр:*** *этос, педагогикалык кесип, мораль, баалуулуктар, нормалар, иденттүүлүк, статус.*

*В результате изменений, происходящих в связи с современной информационной и коммуникационной модернизацией, такие понятия, как профессия, профессионализм и профессиональная деятельность человека в развитых обществах, претерпевают значительные изменения в смысловом отношении. В связи с этим, обращая внимание на ценностно-содержательный аспект педагогической профессии, возникает вопрос о моральных ориентациях, этических нормах, ценностях современных педагогов. В данной статье рассматривался вопрос изучения характера или этики профессиональных групп в соответствии с требованиями времени. В соответствии с этим была поставлена цель изучения понятий этоса, морали, ценностей, норм, идентичности, статуса педагогической профессии и предприняты попытки раскрыть сущность указанных понятий. В результате исследования были сделаны научные выводы на основе теоретических исследований и продемонстрированы результаты практической работы в фокус-группах, созданных преподавателями, студентами вузов, учителями школ.*

***Ключевые слова:*** *этос, педагогическая профессия, мораль, ценности, нормы, идентичность, статус.*

*As a result of the changes taking place in connection with modern information and communication modernization, such concepts as profession, professionalism and professional activity of a person in developed societies are undergoing significant changes in meaning. In this regard, paying attention to the value-content aspect of the teaching profession, the question arises about the moral orientations, ethical norms, and values of modern teachers. This article considered the question of studying the nature or ethics of professional groups in accordance with the requirements of the time. In accordance with this, the goal was set to study the concepts of ethos, morality, values, norms, identity, and the status of the teaching profession, and attempts were made to reveal the essence of these concepts. As a result of the research, scientific conclusions were made on the basis of theoretical studies and the results of practical work in focus groups created by teachers, university students, and school teachers were demonstrated.*

***Key words:*** *ethos, teaching profession, morals, values, norms, identity, status.*

Азыркы коомдогу маалыматтык жана коммуникациялык революцияга байланыштуу биринчи кезекте жүрүп жаткан интенсивдүү социалдык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында, *кесип, кесипкөйлүк жана адамдын өнүккөн коомдогу кесиптик ишмердүүлүгү* сыяктуу түшүнүктөр маанилик жактан өзгөрүүгө дуушар болууда. Бүгүнкү күндө ар кыл кесиптердин реалдуу практикасы кандай болууда жана тигил же бул кесип боюнча ишмердүүлүк жүргүзүүдө адистер кайсы эрежелерге таянууда деген маселеге олуттуу мамиле кылууга мезгил жетти.

Учурда педагогикалык кесиптин баалуулук-мазмундук аспектисине өтө маани берип көңүл буруу коомдун чаржайыт идеологиялашуусу, советтик мез-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



гилдин баалуулук багыттарынын өз маанисин жоготушу жана баалуулуктардын плюралисттик (ар тараптуу, көп жактуу) системасына өтүүсү менен байланыштуу. Мындан заманбап педагогдордун моралдык багыттары, этикалык нормалары, баалуулуктары тууралуу маселе келип чыгат. Эски идеологиялык көз караштар, көнүмүш багыттар жана баалуулуктардын, ошону менен катар жакшылык менен жамандыктын, кадыресе жасалып жаткан иштер менен тыюу салынган нерселердин универсалдык критерийлеринин кыйрашына тушуккан мындай татаал кырдаалда педагогдорго жаш муундарды окутуп тарбиялоодо *артыкчылыктарды тандоо* сыяктуу *дагы кошумча* социалдык жоопкерчилик жүктөлдү. Р.Т. Сулайманова заманбап мугалимге карата төмөндөгүдөй пикирди билдирет: “Учитель своими знаниями, умениями, навыками и поведением может оказывать на учащихся как положительное, так и отрицательное влияние. Как одним из главных элементов образовательной системы, учителю необходимо стать опытным специалистом, владеющим взвешенным личностным характером, способностями управления процессами, умением планировать, на общественном и индивидуальном уровнях владеть лидерскими качествами, быть уверенным в себе, открыто выражающим свое мнение, знающим профессиональные и общественные идеалы” [1].

Мындан замандын талабына ылайык кесиптик топтордун мүнөзүн же **этосун** изилдөө маселеси келип чыгат. Бүгүнкү күндө **этос** түшүнүгү *бирдиктүү аныктамага ээ эмес*. **Этос** - грек тилинен которгондо «мүнөз, психика (душевный склад)» дегенди түшүндүрөт. Этос термини антикалык философияда «көнүмүш адат, мүнөз, каада-салт» дегенди түшүндүргөн. [2].

Кесиптин этосу тууралуу сөз кылууда изилдөөчү М. Оссовская бул түшүнүктү “кайсы бир коомдук топтун жашоо стили, образы, анын маданий багыттуулугу, мазмунунда аныкталган баалуулуктардын иерархиясы” менен байланыштырып, “бул мааниде этос мораль түшүнүгүнүн чегинен чыгып караларын” [3] белгилейт. Кайсы бир кесиптин этосун мүнөздөөдө анын мүчөлөрүнө кесиптик милдеттерди белгилүү *аныкталган жол менен* чечүүгө, кесиптик коомчулукта кабыл алынган жүрүм-турумдун кесиптик-адептик талаптарына өз ыктыяры менен баш ийүүгө *ыктуулук* мүнөздүү экендигин көрсөтүүгө болот (В.И. Бакштановский, Ю.В. Согомонов) [4]. Р.К. Хорн кесиптик кесиптин *маанилүү мүнөздөмөлөрү* катары төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтөт: а) кесиптик ишмердүүлүктүн бийик моралдык стандарттары, б) кесипкөйлөрдүн альтруисттик багыты, в) кесиптик ишмердүүлүккө милдеттүү түрдө даярдоо, г) милдеттүү түрдө үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү, д) формалдуу кесиптик бирикменин болушу, е) кесипкөйдүн салыштырмалуу көз карандысыздыгы, кесиптин коомдогу статусу. [5].

Чет элдик психологиялык-педагогикалык адабияттарда педагогикалык кесиптин <u>этосу</u> тууралуу идеяларды жана көз караштарды системалаштырууга бир катар изилдөөлөр арналып жана алардын *модели* сунушталган. Мисалы, немец окумуштууларынын тобу (Баумерт Ю., Кантер М., Маурер-Венгорц М., Офенбах С., Форстер-Хайнзер С., Эрнст Х.О.) педагогикалык кесиптин этосу түшүнүгү, анын маңыздык мүнөздөмөлөрү жана спецификасы илимий эмгектерде жетишерлик ачып берилбегендигин белгилешет. С. Форстер-Хайнзер педагогикалык кесиптин этосу учурда негизинен “кесиптик принциптер”, “өзүн-өзү көзөмөлдөө”, “адептик сапаттар” терминдери аркылуу сүрөттөлөрүн баса белгилейт. Окумуштуулар *педагогикалык кесиптин этосунун моделдерин эки топко бөлүп карашат*: моделдердин биринчи тобу этосту моралдык принциптерден түзүлүп, профессионализмдин жогорку деңгээлинен көрүнгөн кесипкөйдүн инсандыгынын кайсы бир мүнөздөмөсү катары түшүнүүгө негизденет (Дёринг К.В., Гизеке Х., Годланд Дж., Сиротник К., Содер Р. ж.б.); моделдердин экинчи тобу этосту кесипкөйдүн инсандык деңгээлинен да, кесиптик бирикменин деңгээлинен да карала бере турган татаал иерархиялык түзүлүш катары көрсөтөт (Вехрлин Н., Кезар Т., Смит Р., МакЛафлин Г., Форстер-Хайнзер С. ж.б.). Вехрлин Н. кесиптик ишмердүүлүктүн нормалары жана баалуулуктары жалпы кесиптик бирикме менен макулдашылып жана ал аркылуу бөлүшүлгөндө гана кесиптик этостун *калыптангандыгы* тууралуу айтууга болорун бекемдейт [6].

Орус окумуштуусу Ю.Б. Дроботенко педагогикалык кесиптин этосу тууралуу сөз кылууда аны төмөнкдөй мазмундук бөлүмдөргө бөлүү менен карайт:

– педагогдун кесиптик моралы;
– кесиптик-педагогикалык баалуулуктар жана нормалар;
– педагогдун кесиптик иденттүүлүгү;
– формалдуу кесиптик-педагогикалык бирикме;
– педагогикалык кесиптин коомдогу статусу [7 ].

Анда *педагогдун кесиптик моралы* түшүнүгү: педагогикалык адилеттүүлүк, кесиптик педагогикалык милдет, кесиптик ар-намыс, артыкчылык, педагогикалык аброй, өзүн-өзү тартипке салуу сыктуу моралдык-этикалык категориялар аркылуу көрсөтүлгөн.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Ал эми *кесиптик-педагогикалык баалуулуктар жана нормалар* педагогикалык кесиптин өкүлдөрүнүн ой жүгүртүү стилин, кесиптик ишмердүүлүккө карата өзгөчө мамилесин калыптандырат.

Педагогикалык баалуулуктардын бир нече классификациялары бар. Алардын ичинен Ж.А. Болотова ж.б. окумуштуулар педагогикалык кесиптин этосуна карата С.Г. Вершловский жана Дж. Хазарддын классификациясына токтолушуп, алардын педагоикалык баалуулуктардын 3 тобун бөлүп көрсөтүшөрүн белгилешет: 1) педагогдун кесиптик статусун ачып көрсөткөн баалуулуктар; 2) инсандын педагогикалык кесипке кызыгуу деңгээлик көрсөткөн баалуулуктар; 3) педагогикалык ишмердүүлүктүн максатын чагылдырган баалуулуктар [8].

*Педагогдун кесиптик иденттүүлүгү* **–** бул өзүн педагогикалык кесиптин жана кесиптик-педагогикалык бирикменин өкүлү экендигин түшүнүүсү; - педагогдун кесипкөй адис катары өзүнө, педагогикалык кесипке, кесиптик-педагогикалык бирикменин мүчөлөрүнө карата туруктуу мамилеси. Педагогдун кесиптик маанилүү сапаттары анын кесиптик иденттүүлүгүн бекемдейт.

*Формалдуу кесиптик-педагогикалык бирикме* (мектеп, ассоциация, колледж, ЖОЖ, виртуалдуу педагогикалык бирикме, тармактык бирикме ж.б). Формалдуу кесиптик-педагогикалык бирикменин бо-лушу топ ичиндеги байланышты жакшыртууга, педагогдор аралык маалымат алмашууга өбөлгө түзөт; педагогдордун өзүнүн ишмердүүлүгүндөгү мыкты образдарды демонстрациялоону стимулдаштырат; педагогдорго социалдык чөйрөнүн улам алмашып турган шарттарына ыңгайлашуусуна көмөк көрсөтөт; мындан тышкары педагогдордун ишмердүүлүгүн жөнгө салуунун мехнизми катары да кызмат кылат.

Педагогдордун кесиптик ишмердүүлүгү үчүн мотивациялык стимул катары *педагогикалык кесиптин коомдогу статусу* маанилүү ролду ойноп, ал мамилелерди иретке келтирүү, формалдаштыруу, регламентациялоого негиз болот.

Педагогикалык кесиптин этосун Сингапур Мугалимдер Академиясында өзүнчө кызыктуу мүнөздөшөт. Алардын көз карашында “педагогикалык кесиптин этосу төмөнкүдөй курамдан турат:

- билим берүүнүн философиясы;
- билим берүүнүн күтүлүүчү натыйжалары;
- мугалимдин дүйнө таанымы;
- мугалимдин милдеттери;
- мугалимдин кредосу” [9].

Билим берүүнүн философиясы (доктрина) педагогикалык кесиптин баалуулуктарынын жана принциптеринин, педагогикалык ишмердүүлүктүн негизин түзөт. Билим берүүнүн күтүлүүчү натыйжалары бүткүл педагогикалык коомчулуктун, бирикменин максатын аныктайт, билим берүү саясатын түзөт. Мугалимдин дүйнө таанымы анын кесиптик мотивациясын кесиптик ролу менен айкалыштырып, мунун негизинде педагогикалык чеберчиликти калыптандырат. Мугалимдин милдеттери анын өзү жүргүзүп жаткан кесиптик ишмердүүлүгүндө сапатты камсыз кылууга болгон жоопкерчилигин түшүндүрөт. Мугалимдин кредосу же кесиптик миссиясы педагогикалык кесиптин тарыхында жашап келаткан “жазылбаган” мыйзамдарды түшүнүүсүнөн, кабыл алуусунан көрүнүп, мугалимге өз милдеттерин эң жогорку деңгээлде аткаруу үчүн берген убадасын сактоого карата багыт болуп берет.

Сингапур Мугалимдер Академиясы тарабынан педагогикалык кесиптин этосунун маңызын чагылдыруунун символу катары **компас** тандалып алынган. Ал мугалимдерди дайыма керектүү багытка буруу менен, туура жолду көрсөтүп турат. Этос компас катары багыт берүүчү жана жөнгө салуучу-коррекциялоочу функцияны аткарат.

Кыргызстандын педагогикалык кесибинин мүнөзү тууралуу айта турган болсок, педагогдордун өздөрүнүн жана коомчулуктун арасында өсүп келаткан муунду окутуу жана тарбиялоо процесси тууралуу салттуу көз караштар дале бекем жана туруктуу экенин айтууга болот. Бирок коомдогу күч алып жаткан бир катар кубулуштар, тагыраак айтканда, маалыматтык жана технологиялык замандынн орношу; билим берүүнүн тейлөө тармагына айланышы; педагогикалык ишмердүүлүктүн улам барган сайын татаалдашуусу, педагогикалык ишмердүүлүктүн формалдуу жагдайынын күчөтүлүшү (отчеттор, пландар, журналдар ж.б.) педагогикалык кесиптин мүнөзүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү менен, мугалимдердин арасында өздөрүн педагогикалык кесиптин ийгиликтүү, атаандаштыкка туруктуу, ишкердик жөндөмдүүлүктөргө ээ өкүлдөрү катары көрсөтө алган “инсандык үлгүлөрдүн” жаралышына алып келди.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Мындан эмгек рыногунда педагогдордун жаңыча компетенцияларына карата муктаждыктар келип чыгат. Алсак: ишти уюштура билүү, билимди бизнеске айлантуу, маалыматтык-технологиялык коомдун активдүү мүчөсү болуу, психологиялык жана аң-сезимди башкара билүүгө байланыштуу компетенциялар. Себеби коомдун негизги талабы катары азыркы жаштарда максатка умтулуучулук жана демилгечилдик, лидер болуу жөндөмдүүлүгү, зээндүүлүк жана уюшкандык, коммуникабелдүүлүк жана презентативдик жөндөмдүүлүктөр, мобилдүүлүк жана тобокелчилик жөндөмдүүлүгү, стресске туруктуулук жана эмоционалдык туруктуулук, жеке тартип ж.б сапаттарды калыптандыруу абдан зарыл болуп саналууда.

Мына ошентип, педагогикалык кесиптин мүнөзү же этосу феноменин *теориялык жактан изилдөөнүн* жыйынтыгын чыгарып жатып, төмөндөгүдөй *корутундуну* сунуштоону туура көрдүк:

- педагогика илиминин түшүнүк талаасында “педагогикалык этос”, “педагогдун этосу”, “билим берүүчүлүк этос”, “педагогикалык кесиптин этосу” ж.б.у.с. терминдердин пайда болуп жаткандыгы байкалат. Мындай көрүнүш азыркы коомдогу педагогдордун кесиптик ишмердүүлүгүнүн баалуулук жана моралдык-этикалык жагдайына карата изилдөөчүлөр тарабынан кызыкчылыктын күчөгөндүгүн белгилейт;

- ата-мекендик психологиялык-педагогикалык адабияттардын жана мезгилдүү басылмалардын арасында педагогикалык кесиптин азыркы өнүгүү этабында этос түшүнүгүн изилдөөгө арналган атайын фундаменталдуу эмгектер жок жана бул нерсе *педагогикалык кесиптин этосу* түшүнүгү жаңыдан кабыл алынуу жана бекемделүү стадиясында экендигин көрсөтөт.

Кесиптик-педагогикалык коомчулукта өтө маанилүү деп эсептелген баалуулуктарды жана моралдык-этикалык нормаларды орнотууга негизделген педагогикалык кесиптин мүнөзү түшүнүгү практикада кандай кабыл алынып, чечмеленгендигин аныктоо максатында педагогдордун ар кандай категорияларына (ЖОЖдордун педагогикалык багыттагы факультеттеринин окутуучулары, мектеп мугалимдери, ЖОЖдордун педагогикалык багыттагы факультеттеринин студенттери) фокус-группалык иштер жүргүзүлдү.

Фокус-группаларга жалпысынан, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 11 окутуучусу, педагогикалык факультеттин 28 студенти, Бишкек шаарынын беш мектебинин (№94, 68, 69, 84, 31) 45 мугалими кирип талкуулар өткөрүлдү.

Талкуулар төмөнкүдөй маанилик блоктордон түзүлдү:

1) Педагогикалык кесиптин мүнөзү же этосу түшүнүгү.

2) Азыркы шарттарда кесиптик-педагогикалык ишмердүүлүктүн баалуулуктарынын жана моралдык-этикалык нормаларынын маанилүүлүгү.

3) Педагогикалык кесипке таандыгын белгилеген көрсөткүчтөр.

4) Педагогикалык кесиптин статусунун педагогдордун кесиптик ишмердүүлүгүнүн сапатына тийгизген таасири.

5) Педагогикалык кесиптин өнүгүү келечеги.

Талкуунун алдында катышуучулар теориялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктары менен таанышып чыгышты жана эркин дискуссияда өздөрүнүн жеке көз караштарын айтышты. Жүргүзүлгөн фокус-группалык изилдөө кесиптик-педагогикалык коомчулукта педагогикалык ишмердүүлүктүн салттуу баалуулуктарынын жана моралдык-этикалык нормаларынын мааниси абдан күчтүү экендигин көрсөттү. Педагогдордун дээрлик бардыгы өзүнүн ушул кесипке таандык экенин сезишет. Айтылган ойлордон алардын *“аныкталган жашоо образын, анын стилин, тиешелүү жүрүм-турум манераларын тандагандыгын жана ушул жашоо образынын эрежелерин сактоого макул болгондугун”* билдирген бир гана пикирди жаратkandыгын белгилөөгө болот. Балким көпчүлүк педагогдор педагогикалык кесиптин этосу эмнени түшүндүрөрү тууралуу эч качан ойлонбосо дагы, бул тууралуу такыр укпаса дагы, бирок андагы аныкталган нерселерди турмушта аткарып келгендиги белгилүү болду.

**Адабияттар:**


1. Сулайманова Р.Т. Опыт зарубежных стран по подготовке педагогических кадров / Р.Т. Сулайманова // Эпоха науки. - Ачинск., 2020. №22. С. 283-289. [Эл. ресурс]. - Режим доступа: https://www.elibrary.ru/download/elibrary_43873469_13903939.pdf
2. Этос: Материал из Википедии - свободной энциклопедии. [Электронный ресурс] Режим доступа: https://ru.wikipedia.org/wiki/
3. Электронная библиотека ИФ РАН » Новая философская

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



энциклопедия » ЭТОС [Эл. ресурс]. - Режим доступа: phlib.ru›*library›* HASH0194d86f33a 7480853 864 994
4. Бакштановский В.И. Введение в прикладную этику: моногр. / В.И. Бакштановский Ю.В. Согомонов. - Тюмень: НИИ прикладной этики ТюмГНГУ, 2006.-392с.
5. Апресян Р.Г. Профессиональная, прикладная и практическая этики [Электронный ресурс] Режим доступа: https://iphras.ru/uplfile/ethics/RC/ed/kaunas/apr.html
6. Forster-Heinzer S. (2015) Against All Odds. An Empirical Study about the Situative Pedagogical Ethos of Vocational Trainers. Publisher: Sense Publishers.
7. Дроботенко Ю.Б. Изменение этоса педагогической профессии в современных социокультурных условиях. / Ю.Б. Дроботенко // Омский государственный педагогический университет. - Омск, 2016. № 1 (23). - С. 170-178. [Электронный ресурс] Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=25684718
8. Болотова Ж.А.. Ценности педагогической деятельности / Ж.А. Болотова, Ю.В.Кострикова, Е.А. Радченко, М.Н. Рахманова // Международный журнал прикладных и фундаментальных исследований. - 2016. - №1 (Ч. 2) - С. 257-259 [Электронный ресурс] Режим доступа: https: //www.elibrary.ru/item.asp?id=25372568
9. Ethos of the Teaching Profession (Academy of Singapore Teachers) - [Электронный ресурс] Режим доступа: http://www.academvofsingaporeteachers.moe.gov.sg/professional-excellence/ethos-of-the-teaching-profession.